DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Жайнаков Ш.А., Мамажунус уулу М., Арапова А.С., Айдарбекова А.А*

# ЖАЗЫК-УКУКТУК ЮРИСДИКЦИЯНЫН КЭЭ БИР ТЕОРЕТИКАЛЫК СУРООЛОРУ

*Жайнаков Ш.А., Мамажунус уулу М., Арапова А.С., Айдарбекова А.А.*

# НЕКОТОРЫЕ ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ УГОЛОВНО-ПРАВОВОЙ ЮРИСДИКЦИИ

*Sh.A. Zhainakov, Mamajunus uulu M., A.S. Arapova, A.A. Aydarbekova*

# SOME THEORETICAL MATTERS OF CRIMINAL LEGAL JURISDICTION

*УДК: 343.213*

*Бул макалада жалпы илимий усулдар тактап айткан-да тутумдук, тутумдук-түзүмдүк усулдар аркылуу азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасындагы кылмыш-укуктук юрисдикциянын таралуусунун кылмыш-укуктук жактан жөнгө салынуусу талдоого алынган. Талдоодо азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасындагы Кылмыш-укуктук юрисдикциясынын таралуусун изилдөөнүн актуалдуулугу негизделген. Ошону менен бирдикте азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет өлкөлүк жарандардын жалпы кылмыштуулук тенденциялары чагылдыруу менен бирдикте бул жаатта кылмыш жаза мыйзамын колдонуунун көйгөйлөрү алдыга сүрүлгөн. Макалада Кыргызстандагы акыркы мезгилдердеги кылмыш укуктук реформалардын натыйжасындакылмыш жаза мыйзамындагы анын ичинде кылмыш жаза юрисдикциясы, чет өлкөлүк жарандардын кылмыш жаза жоопкерчилиги боюнча суроолор талдоого алынган. Макаланын жыйынтыгында кылмыш жаза юрисдикциясын изилдөөнүн актуалдуу маселелеринаныктоого далалат жасалган.*

***Негизги сөздөр**: юрисдикция, кылмыш жоопкерчилиги, чет өлкөлүк жарандар, экстрадиция, кылмыш-жаза мыйзамы, Кыргыз Республикасы, аймак, суверенитет.*

*В данной статье на основе общенаучных методов исследования в частности системного и системно-структурного анализа исследовано уголовное правовое регулирование распространение уголовной юрисдикции в Кыргызской Республике. В этой работе обоснована актуальность исследования распространения уголовной юрисдикции, уголовной ответственности иностранных граждан совершивших преступление на территории Кыргызской Республики. В исследовании на основе статистических сведений отражены общие тенденции преступности иностранных граждан в Кыргызской Республике. Освещены вопросы распространения и применения уголовного закона в отношении иностранных граждан. В статье также проанализированы вопросы уголовно-правовой юрисдикции, уголовной ответственности иностранных граждан в связи последними уголовно-правовыми реформами. В результатах исследования определены актуальные задачи необходимости исследования уголовной юрисдикции в Кыргызской Республике.*

***Ключевые слова**: юрисдикция, уголовная ответственность, иностранные граждане, экстралиция, уголовный закон, Кыргызская Республика, территория, суверенитет.*

*In this article, on the basis of general scientific research methods, in particular, systemic and system-structural analysis, the criminal legal regulation of the extension of criminal jurisdiction in the Kyrgyz Republic is investigated. The paper substantiates the relevance of the study of the proliferation of criminal jurisdiction, criminal liability of foreign citizens who have committed a crime in the territory of the Kyrgyz Republic. The study on the basis of statistical data reflects the general crime trends of foreign citizens in the Kyrgyz Republic. The problems of the distribution and application of criminal law in relation to foreign citizens are covered. The article also analyzes the issues of criminal law jurisdiction, criminal liability of foreign citizens in connection with the latest criminal law reforms. The results of the study identified the urgent tasks of the need to investigate criminal jurisdiction in the Kyrgyz Republic.*

***Key words:** jurisdiction, criminal liability, foreign citizens, extradition, criminal law, Kyrgyz Republic, territory, sovereignty.*

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап дүйнө өлкөлөрүндө геосаясий абал бар канча олуттуу өзгөрүүсү менен дүйнөлүк алкакка интеграциялык процесстер бир канча өстү. Бул процесстер өзү менен кошо мамлекеттер арасында экономикалык социалдык мамилелердин күчөшү менен бирдикте миграциялык процесстин жумушчу күчүнүн бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө карата агылуусу күчөдү.

Саясий мейкиндикте бул мамилелерди жөнгө салуу улуттук жана эл аралык укуктук нормалардын адекваттуу аракеттенүүсүн да шарттады. Мындай маселелердин арасында кылмыш-укуктук юрисдикция да орчундуу орунду ээлеп, тийиштүү деңгээлде өз чечимин табууну талап кылат.

Ошону менен бирдикте XX кылымдын экинчи

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жарымынан чоң геосаясий жана укуктук мейкиндикти ээлеген советтик мамлекеттин кулашы өз алдынча эгемендүү мамлекеттердин пайда болушуна алып келди. Ар бир эгемендүү мамлекет өзүнүн аныкталган аймагында өзүнүн мамлекеттик юрисдикциясын таркатууга мүмкүнчүлүк алды. Бул өз кезегинде мамлекеттин ичинде коомдук мамилелерди жөнгө салууда укуктук юрисдикцияны, анын ичинде кылмыш-укуктук юрисдикцияны колдонуу артыкчылыгын берди [1].

Эгемендүү мамлекеттердин түзүлүшү өз алдынчалуулукту берүү менен бирдикте, башка мамлекеттердин жарандарынын укук жана эркиндиктерин камсыз кылуу, укук колдонуу көйгөйлөрүн жаратты.

Советтик чөлкөмдөн кийинки өлкөлөрдө бири-бири менен болгон байланыштар эгемендүүлүккө карабастан саясий процесстер менен да бекемделип, бул алкакта миграциялык процесстердин күчөшүнө алып келди. Бул жагдайлар өз кезегинде укук колдонуу юрисдикциясына өзгөчө таасир берет.

Азыркы мезгилде миграциялык процесстердин күчөшү бир гана социалдык эмес, укуктук да көйгөйлөрдү алып келди. Алардын көпчүлүгү мыйзамсыз мамлекеттик чек-араны кесип өтүү менен коштолууда. Чет өлкөлүк жарандардын мындай аракеттери өз кезегинде Кыргыз Республикасындагы кылмыштуулукка да таасирин тийгизбей койгон жок.

Географиялык жактан мамлекетибиз түндүктөн Казак Республикасы, түндүк-батыштан Өзбек Республикасы, түштүк-батышта Тажик Республикасы, түштүк-чыгышта Кытай Республикасы менен, башкача айткана 4 мамлекет менен чектешип, чекараларынын жалпы узундугу 4503 км. аралыкты түзөт.

Кыргыз Республикасы чет мамлекеттер менен саясий, экономикалык, маданий байланыштарын күчөтүп, бул процесстер биздин өлкөбүзгө келүүчү чет мамлекеттердин жарандарынын санынын өсүшүнө алып келүүдө. Айрыкча, Өзбек Республикасы менен 2017-жылдын аягынан баштап бардык тармактарда эки тараптуу келишимдерди түзүү жана аларды ишке ашыруу менен байланышкан иш-чаралардын натыйжасында, аталган мамлекеттин жарандарынын санын кескин көбөйүшүн шарттаган.

Кандай гана мыйзам болбосун ал белгилүү аймакта жактарга жана убакытта таралаары белгилүү. Бул теоретикалык концепция кылмыш жаза укугуна да таандык. Мына ошондуктан кылмыш-жаза мыйзамынын аймакта таралуусун так аныктоо маанилүү укуктук категория катары саналат.

Кылмыш-жаза мыйзамынын мейкиндикте таралышы боюнча теоретикалык суроолор XIX кылымдын экинчи жарымына чейин каралган эмес. Бул мезгилдерде негизинен окумуштуулардын изилдөөлөрү кылмыш жаза мыйзамынын негизги жоболорун иштеп чыгууга арналган.

Изилдөөнүн теоретикалык негиздерин орус окумуштуулары Н.С. Таганцев, П.П. Эпифанов, С.В. Юшков, В.В Есипов, Франц Фон Лист тарабынан изилдөөгө алынган. Кылмыш жаза мыйзамынын мейкиндикте таралуусу боюнча илимий эмгектерге чоң салым кошкон окумуштуулардан А.А.Тиллени айтсак болот.

Кылмыш-жаза мыйзамынын таралышы көбүнесе мамлекеттин аймагы менен аныкталаары талашсыз. Мына ошондуктан кылмыш-жаза мыйзамынын аймакта таралышынын теоретикалык укуктук жактарын талдоо кылмыш-жаза илиминдеги орчундуу жана талаштуу суроолордун бири бойдон калууда. Кандай гана кылмыш болбосун ал белгилүү бир аймакта жасалаары анык. Мына ошондуктан кылмыш жасалган жерлери аймакты аныктоо менен мамлекеттин юрисдикциясынын таралуу эрежелерин жөнгө салуу теоретикалык укуктук, кылмыш укуктук жана эл аралык укуктун маанилүү суроолору болуп саналат.

Изилдөөнүн тарыхый аспектилерин талдаганда жазык укуктук юрисдикция союздук республиканын курамына кирген өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда 1935-жылга чейин бирдей аракеттенип келген. Бирок ошону менен кээ бир союздук мамлекеттерде территориалдык принцип бир канча конкреттештирүү менен дагы орун алгандыгын айта кетүү зарыл. Мисалы Украина ССРнин 1927-жылдагы кылмыш жаза кодекси, Грузия ССРнин 1928-жылдагы кылмыш-жаза кодекси баштапкы жетектөөчү кылмыш жаза мыйзам актыларын сөзмө-сөз кабыл алышкандыгын айта кетүү зарыл.

Өзбек Республикасынын 1926-жылдагы кылмыш жаза кодекси аймактык принципти сактоо менен бирдикте бир канча өзгөчөрөөк чагылдырган. Ага ылайык Өзбек Республикасында кылмыш жоопкерчилиги ошол аймакта жашаган жактар үчүн бардыгына колдонулуп, өзгөчө кошумча катары союздук өлкөлөрдүн аймагында жасаган кылмыштары үчүн соттук жоопкерчилик Өзбек ССРинин соттору тарабынан кылмыш жасоо жайы боюнча каралган.

Бирок талдоо көрсөткөндөй 1926-жылдан 1935-жылга чейинки союздук республикалардын кылмыш-жаза мыйзамдарындагы мыйзамдын мейкиндикте таркалуусу негизги тексттен бир канча манилүү четтеген учурлары да орун алган. Биринчиден кылмыш жаза мыйзамынын мейкиндикте таралышы боюнча

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жарандуулук принциби негизги эсептелинген, экинчиден территориалдык принциптин жоболору толук көлөмдө сыпатталган эмес.

Союздук өлкөнүн курамына кирген республикаларда кылмыш жаза мыйзамынын мейкиндикте таралышы негизинен алганда мазмун жагынан анчалык деле өзгөртүлгөн эмес.

Дагы бир нерсени айта кетүү орундуу, союздук мыйзам актылары кылмыш жаза мыйзамын жарандыгы жок жактарга карата колдонуу боюнча жоболорду караган эмес. Алар советтик граждандардын катарына теңелген эмес, чет өлкөлүк жарандар катары жоопкерчиликке тартылышкан.

Интеграциялык процесстер менен катар Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан атуулдардын саны да өсүүдө, мурда көбүнесе Кыргыз Республикасында жашаган башка улуттун өкүлдөрү жарандыктан чыкса, акыркы мезгилде экономикалык кыйынчылыктардан улам, кыргыз улутундагы жарандарыбыз чет эл жарандыгын алган учурлары арбын. 2017-жылы эле Кыргыз Республикасынын Указдары менен жалпысы 360 адам Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгарылган [1]. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу менен адам бардык байланыштарын үзбөйт, туугандары менен катташып, келип-кетип турат, андыктан бир катар укуктук статусундагы өзгөчөлүктөр менен катар, кылмыш же башка укук бузуу жасагандыгы үчүн да укук колдонуу тажрыйбасында да бир катар өзгөрүүлөр пайда болот.

Жогорку технология тармагында илимий-техниканын жана адамзатынын жетишкендиктеринин өнүгүшү менен башка өлкөнүн территориясында туруп эле, Кыргыз Республикасына жана анын жарандарына зыян алып келген кылмыштарды жасоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Бул жагдайлар чет өлкөлүк жарандардын кылмыш жаза жоопкерчилигинин реалдуу принцибин кайра карап чыгуу менен, Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарына каршы, чет мамлекеттердин аймагында жасалган кылмыштарга да жоопкерчилик белгилөө зарылдыгын айкын көрсөтүп, мамлекетибизге жана биздин жарандарыбызга каршы чет өлкөдө жасалган кылмыш жоопкерчилигин тактоого жана кеңейтүүгө мажбур кылат.

Акыркы учурларда болуп жаткан реформалар кылмыш укуктук юрисдикциянын актуалдуу суроолорунун кээ бир маселелерин чечүүгө багытталгандыгы бир канча артыкчылыктуу экендигин айта кетүү абзел.

Тактап айтканда Кыргыз Республикасынын жаңы жазык кодекси кылмыш-укуктук юрисдикция боюнча бир топ кошумча аныктамаларды киргизди.

Мисалы ЖК 11-12 беренеси жазык мыйзамынын колдонуу чектерин аныктоо менен бирдикте кылмыш жасалган убакыт деген аныктаманы киргизди [2].

Юридикалык илимде кылмыш-укуктук юрисдикциянын үч аспектиси каралат:

1) материалдык укуктук аспект, башкача айтканда кылмыш-жаза мыйзамынын мейкиндикте таралуу чегин аныктоо;

2) процессуалдык аспект, мамлекеттин ичиндеги органдардын ыйгарым укуктарын аныктоочу жана чектөөчү;

3) эл аралык укуктук аспект, кылмыш жаза юрисдикциясынын материалдык-процессуалдык аспектисин, ошондой эле мамлекетти жана эл аралык органдардын ыйгарымдарын аныктоо.

Кылмыш-укуктук юрисдикция белгилүү бир мамлекеттин аныкталган аймагына жана жактарга кылмыш-жаза мыйзамынын таралуусу катары каралат [3, 5-б.].

Процессуалдык илимде кылмыш-укуктук юрисдикциясы иш жүзүндө колдонулбайт [4, 318-б.].

Кээ бир эл аралык укук боюнча адабияттарда “Мыйзамдын мейкиндикте таркатылышы, жердин чокусу жер планетасынын борборунда жайланышкан сегментининин чегинде, жер кыртышынын негизи мамлекеттин чеги менен таркатылышы мүмкүн” деп белгиленет [5, 168-б.].

Кыргыз Республикасынын аймагында суу мейкиндиги жоктугуна байланыштуу изилдөөбүздө бул категорияга кайрылган жокпуз.

Аба мейкиндигине кургактын жана суу мейкиндигинин үстүнөн, аны ичинде аймактык сууларды камтыган чектер кирет. Ар бир мамлекеттин аба мейкиндиги, ошол мамлекеттин суверенитетин тааныйт. Бул эреже 1919-жылы кабыл алынган “Париж аба Конвенциясы" менен жөнгө салынат [6].

Эл аралык укукта аба мейкиндигиндеги мамлекеттин суверенитетин негиздөө менен, бул суверенитетти үч топко бөлүп карайт:

1) мамлекеттин чегинде аба кыймылын жөнгө салууга болгон укуктары;

2) авиа ишканалардын коммерциялык ишмердүүлүгүн жөнгө салууга болгон укуктар;

3) административдик, жарандык, кылмыш жана башка юрисдикцияларды аба кемелерине, анын экипажына жана ал кемедеги жүргүнчүлөргө, жүктөргө жана корреспонденцияларга карата болгон укуктар [7, 12-б.].

Ар бир мамлекеттин суверенитети аба мейкиндигине карата ошол мамлекеттин кызыкчылыгына

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дал келген тартипте жөнгө салуу укугун берет. Бул суроолор улуттук мыйзам актыларында жөнгө салынат.

Белгилей кетүү керек, эл аралык укуктар боюнча адабияттарда аба мейкиндигинин жогорку чеги боюнча мамлекеттин суверенитетинин таркатылышы ар кандай көз караштарда каралган [8, 65-б.].

Азыркы мезгилде аба мейкиндигиндеги аймакты аныктоодо көптөгөн окумуштуулардын көз карашы жөнөкөй самолеттордун учуу бийиктиги менен өлчөө зарыл деген ойду карманышат [9, 288-б.].

Кылмыш жаза мыйзамын туура колдонуу үчүн республиканын аймагын жана андагы атайын зоналарын жана объектилерин так аныктоо зарыл. Мамлекеттик аймак түшүнүгү, өлкөнүн чек-арасы менен аныкталат. Ал өзүнө кургактыкты, суу мейкиндигин жана аба мейкиндигин камтыйт.

Аймак түшүнүгүнүн укуктук жөнгө салынышы кээ бир мамлекеттердин Конституциясында каралган. Мисалы Россия Федерациясынын Конституциясынын 67-беренесине ылайык [10] “Россия Федерациясынын аймагы өзүнө, анын субьектилеринин аймагын, ички сууларды жана аймактын деңиздерди, анын үстүндөгү аба мейкиндигин камтыйт” - деп бекилген. Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын Конституциясында аймак түшүнүгү камтылган эмес, мына ошондуктан бул боштуктун ордун толтуруу зарыл.

Анткени, аймак түшүнүгүн негизги мыйзамда аныктоо бир гана укук колдонуу юрисдикциясынын чектерин аныктабастан, мыйзам астындагы актыларын да толук кандуулугун камтыйт (мисалы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек-арасы жөнүндөгү мыйзам).

Мына ошол себептен Конституция негизги мыйзам катары эң жогорку юридикалык күчкө ээ болуу менен мамлекеттик түзүлүштү, суверенитетин жөнгө салуу менен бирдикте анын аймагы түшүнүгүн камтуусу зарыл деп ойлойбуз. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын [11] 8-беренесинин 1-пунктуна: “Кыргыз Республикасынын чек-ара аймагы өзүнө кургак жерин, ички сууларын, жер казынасын жана анын үстүндөгү аба мейкиндигин камтыйт. Кыргыз Республикасынын азыркы чек-арасындагы аймагы бүтүн жана кол тийгис” - деп өзгөртүү киргизүү зарыл.

**Адабияттар:**


1. “Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгаруу” жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентинин №85 жана 216 сандуу Указдары. 10.05.2017, 23.10. 2017.
2. Кыргыз Республикасынын Жазык Кодекси 2017-жылдын 2-февралы №19 (КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилди).
3. Понятия и термины в уголовном праве России. Общая и Особенная части: учебное пособие / отв. редакторы д-р юрид. наук, проф. А.И. Чучаев, канд. юрид. наук Е.В. Лошенкова. - М.: Контракт, 2014. - С. 318.
4. Порцева О.Б. Татьянина Л.Г. Подсудность уголовных дел: Моногр. - Ижевск: Детектив-информ, 2006. - С. 5.
5. Международоное право. - М., 1964. - С.168.
6. Парижская воздушная Конвенция 1919 года.
7. Верещагин А.Н. Основные проблемы международоного воздушного права. // Автореферат диссертации доктора юридических наук. - М., 1971. - С.12.
8. Задорожный Г.П. Атом, космос и мировая политкиа. - М., 1958. - С. 65.
9. Жуков Г.П. Космическое право. - М., 1966. - С. 288.
10. Конституция Российской Федерации: Принята всенародным голосованием 12 декабря 1993 г. // Собрание законодательства РФ. - 2014. - №31.
11. Конституция Кыргызской Республики (В редакции Закона Кыргызской Республики от 20.12.2016г. №218). Принята референдумом (всенародным голосованием) 27 июня 2010 года.